# Атыр самын



Автор: Ырысбүбү Итибакунова
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Атыр самын

Автор: Ырысбүбү Итибакунова
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Атыр самын" (кыргыз тилинде), автор Ырысбүбү Итибакунова, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Жаркынай мектептен көңүлдүү кайтты. Анткени бүгүн анын туулган күнү. Жаркынай гүл, китеп жана жүрөк формасындагы самын белекке алды. Ал үйгө кубанычтуу келди.





– Туулган күнүң менен кызым! – деп апасы бетинен өөп тосуп алды.

– Чоң ыракмат, апа!

– Ай-ий, белектерди сага ким берди?

– Биздин класста окуган Эсен берди. Ал экөөбүз бир партада отурабыз, – деди Жаркынай.

– Сонун китеп турбайбы, чогуу окуп чыгалы. Гүлдү вазага салалы. Бул үй шартында жасалган самын турбайбы? Кооз жасашыптыр. Жыты да жагымдуу экен, – деп апасы таң калды.

– Дүкөндөгүдөн башка самындарды жасайлы деп жаттык эле го. Үй шартында самынды биз деле жасап үйрөнөлү. Эсенди чакыралы, ал жардам берет. Кыздар да кызыгып жатышкан, – деди Жаркынай.

– Эң жакшы идея! Биринчи үй шартында самын жасоого бизге эмнелер керек болот экенин тактап билели, – деп апасы телефонун карады.

Апасы экөө көп маалыматтарды чогултушту. Жаркынай курбулары менен байланышып, эртең кечинде кездешмей болушту.

Керектелүүчү нерселер:

– бет кап

– көз айнек

– кол кап

– тараза

– блендер же миксер

– самын эритүүчү идиштер

– кашык таякча

– Апа, самынга эмнелер кошулат экен? – деп Жаркынай кызыга сурады.

Самындын рецеби:

– 0,5 л иштетилген суу май менен тоң майдын аралашмасы

– 80 г каустикалык сода

– 190 г суу

– 20 г түрдүү эфир майлары





Эртеси сабактан кийин балдар Жаркынайдын үйүнө келишти.

– Эсен экөөбүз базарга барып керектүү нерселерди алып келели. Силер болсо, самын эритүүчү идиштерди даярдай бергиле, – деди апасы.

Балдар сыр идиш, миксер, чыпканы даярдап коюшту. Апасы менен Эсен базардан бат эле келишти. Баары самын жасоого киришти.





Балдар көз айнек тагынып, бет каптарды жана кол каптарды кийишти. Анткени каустикалык соданын зыяны тийип калышы мүмкүн. Ал химиялык зат болуп эсептелинет. Алар каустикалык соданы таразага тартып алышты. 80 г каустикалык соданы 190 мг сууга эзишти. Аны чыпкадан өткөрүп, сыр мискейге куюшту. Андан кийин 0,5 л иштетилген суу май менен тоң майдын аралашмасын дагы чыпкадан өткөрүп, мискейге куюшту. Жыпар жыт берүү үчүн лаванда гүлү кошулган эфир майынан 20 г кошушту. Ошентип, 740 г аралашма даяр болду. Эми аны миксер менен 15 мүнөт тынбай аралаштырышты.

– Мына, балдар, эми муну түрдүү формаларга куя берсек болот, – деди апасы.

– Эсен, жүрөк формаларга куйсак болобу? – деди Жаркынай.

– Ооба, болот. Биз башка да формаларды алып келгенбиз, – деп Эсен жүрөк, роза гүлүнүн, дельфин, мамалак, коён формасындагы калыптарды столдун үстүнө койду.

Алар калыптарга даяр болгон массаны желим кашык менен куюп бүтүштү. Ар бир формага 10 граммдан куйганда, баары 74 самын болду.

– Эсен, бул самындар качан колдонууга даяр болот?

– Каустикалык сода өзүнүн зыяндуу таасирин жоготуусу үчүн 10 күн керек. Ошол убакытка чейин самын катып, колдонууга даяр болуп калат, – деп түшүндүрүп берди.





Бүгүн 10 күн болду. Балдар сабактан кийин кайра Жаркынайдын үйүнө келишти. Самындарды калыптан чыгарышты. Алар ар түрдүү формада болгондуктан, аябай кооз көрүнөт экен.

Балдар кийинки самындарына түрдүү боёкторду, дары чөптөрдү да кошуп жасашты. Башка калыптарга да куюп көрүштү. Өздөрү жасаган самындарын туугандарына, кошуналарына, досторуна белекке беришти. Белек алгандар таң калып, коoздугуна суктанып, адамдын терисине да пайдалуу экенин айтып жатышты.

Алар кооз самындары тууралуу маалыматтарды, сүрөттөрдү интернет баракчаларына жайгаштырышты. Алгачкы кардарлар да пайда болду.

Суроо-талап көп болгондуктан, балдар эми самындын дагы башка түрлөрүн жасап, сатууну пландап калышты. Алар класс жетекчисинин жардамы менен ийрим түзүп, кызыккан балдарга да үйрөтмөк болушту. Мастер-класс өткөрүшүп, көргөзмө уюштурууну ойлонуп жатышты.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ырысбүбү Итибакунова
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли